**Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын А. А. Алтмышбаев атындагы Философия институтуна жана Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетине караштуу философия илимдери боюнча докторлук (кандидаттык), маданият таануу жана искусство таануу боюнча кандидаттык диссертацияларды коргоо үчүн түзүлгөн Д 09.22.657 диссертациялык кеңешине философия илимдеринин доктору окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн Акматов Өмүрзак Сарытайовичтин 09.00.11.- социалдык философия адистигн боюнча жазылган «Философиялык антропология алкагындагы гуманисттик парадигмалардын социожаратылыштык жана социомаданий табияты» аттуу докторлук диссертациясына расмий оппонент, философия илимдеринин доктору, профессор Абдимиталип Айтбаевич Айтбаевдин**

# ПИКИРИ

## 1. Изплдоөнүн актуалдуулугу

Азыркы тарыхий доор, андагы прогресстин жетишкендиктери адамды кайра жаратып, жаңыча көз- караштлы пайда кылып, анын өзү жана дүйнөдөгү орду жөнүндө кайрадан жаңыча ой жүгүртүүсүн алып келди. Натыйжада адам феноменине карата системалуу мамиле жасоо актуалдуу маселеге айланды. Адам менен коомдун, жаратылыштын ортосундагы мамилелердин өзгөрүшү учурдагы дүйнөлүк онтологиянын, социалдык философиянын, философиялык антропологиянын предмети болуп калды. Анткени, жеке инсанбы, же социалдык жалпылыкпы, өзүнүн жашоосун, курчап турган дүйнөсүн, тарыхын өзү андап билбей туруп, аларга карата өзүнүн мамилесин аныктабай туруп, азыркы учурду андап биле албайт жана өз милдеттүүлүгүн сактап кала албайт. Бирок ушул мезгилге чейин кыргыз дүйнө таанымында философиялык антропология атайын философиялык илимий-изилдөөлөрдүн көзөмөлүнө илинип, философиялык-методологиялык, социожаратылыштык, социомаданий, онтологиялык, гносеологиялык аспектиден карала элек. Мына ушул өңүттөн алып караганда кыргыз элинин дүйнө таанымынын өнүгүү процессиндеги адам таануу маселесинин маңыз-мазмунун жана эволюциясын теориялык рефлексиянын деңгээлинде концептуалдуу анализдөө - учурдун талабы. Жогоруда көрсөтүлгөн жагдайлардан

Диссертациялык Кеңеш Д 09.22.657
Кирүү 04-8/110
Чыгуу
ОК колу
«12» 06 2024 ж.

улам изилденүүчү тема бүгүнкү күндүн актуалдуу маселелеринин бири экендигин аныктап турат.

2. **Илимий жоболордун, корутундулардын жана сунуштардын негизделүү даражасы**

Диалектиканын жалпы универсалдуу принциптерине, салыштырма-тарыхый системалык-бүтүндүк, цивилизациялык-маданият таануучулук ыкмаларына, адамдын табияты жана эволюциясы жөнүндөгү чет өлкөлүк, ошондой эле, ата-мекендик илимпоздордун ой-жүгүртүүлөрүнө басым жасоо аркылуу изилдөөдө автор тарабынан төмөндөгүдөй илимий-практикалык мааниси бар натыйжалар алынган:

- философиялык антропологияны, адам жөнүндөгү философиялык түшүнүктөрдүн жалпыланышы, бирдиктүү бир системага салынышы, башкача айтканда философиялык категория катары кароо;
- кыргыз кыртышындагы антропологиялык мүнөздөгү философемаларды айкындоо;
- философиялык антропологиянын башка маанилеш илимий тармактардан айырмаланган концептуалдык маңызын жана логикалык табиятын теориялык рефлексия катарында тастыктоо;
-гуманизмдин типологиялык өзгөчөлүктөрүн жана социомаданий парадигмаларын аныктоо;
- адам парадигмасынын соңку мезгилде сунушталган трансгуманисттик долбоорун жана этикалык доктринасын аксиологиялык (баалуулук), праксиологиялык (аракет) катары реконструкциялап, аталган антропологиялык концепциялардын логикалык табиятын ырааттуу талдоо;
- философиялык антропологиянын фундаменталдык илимий жоболорунун социотабияттык жана социомаданий факторлордун конкреттүү-тарыхый ыкманын негизинде аныктоо;

- философиялык антропологиянын алкагындагы гуманисттик парадигмалардын онтологиялык контексттерин-социожаратылыштык жана социомаданий шарттарын моделдештирүү аркылуу алардын эпистемологиялык табиятын изилдөө;

**3. Диссертациянын жаңылыгы жана ынанымдуулугу**

Диссертацияда тарыхый философиялык ой-жүгүртүүнүн алкагында диссертант алгачкылардан болуп философиялык антропологияга концептуалдык талдоо аракетин жасаган. Иштин илимий-теориялык маанидеги жаңылыктары катары төмөндөгү логикалык жалпылоолорду кароого болот:

- философиялык антропология ареалында (анын ичинде кыргыз профессионалдык философиясында) өкүм сүргөн гуманисттик мүнөздөгү адам маңызына арналган илимий-изилдөөлөргө аналитикалык талдоо жүргүзүлүп, алардын теориялык дараметтери тастыкталган;
- кыргыз кыртышындагы ойлом каражаттары аркылуу протоантропологиялык философемалардын социалдык-философиялык сегменттери ачыкталган;
- философиялык антропологиянын онтологиясын өбөлгөлөгөн социотабияттык жана социомаданий факторлор гносеологиялык рефлексия иретинде каралып, алар болмуштук кубулуш катары аныкталган;
- философиялык антропологиянын концептуалдык маңызы менен логикалык табияты азыркы көп кырдуу геосаясий кырдаалдын опурталдуу алкагында адам маңызын объективдүү андоонун адекваттуу формасы экендиги белгиленген;
- гуманизмдин типологиялык өзгөчөлүктөрүн көрсөткөн теориялык жоболордун социомаданий табияты жана парадигмалык концепт-белгилери айкындалган;
- «адам маңызы жана табияты» деп аталган заман менен учурлаш антропологиялык парадигманын мазмундук тилкеси түшүнүк-түшүнүмдөрдүн алкагы катары каралган;

- адам парадигмасынын трансгуманисттик долбооруна жана этикалык доктринасына аксиологиялык талдоо жүргүзүлүп, анын праксиологиялык маңызы ачылып берилген;

- конкретүү-тарыхый гуманисттик парадигмалардын эпистемалык кудуретинин социожаратылыштык жана социомаданий өбөлгөлөрү такталып, алардын болочогу аныкталган.

**4. Диссертациянын илимий иштерге коюлган талаптарга жооп бериши**

Диссертациялык изилдөөдө алынган жыйынтыктар негиздүү жана ынанымдуу. Диссертацияда берилген корутундулар кыска жана далилдүү. Квалификациялык мүнөздөмөлөрү туура берилген. Изилдөө докторлук диссертацияларга коюлуучу Кыргыз Республикасынын Улуттук аттестациялык комиссиянын талаптарына жооп берет.

**5. Диссертациянын негизги жоболорунун, жыйынтыктарынын жарыяланышы, тастыкталышы**

Диссертациянын темасына жараша автордун 24 макаласы жарыяланган. Алардын мазмуну диссертациянын мазмунун чагылдырат. Алынган натыйжалары жана сунуштары диссертациянын алдына коюлган милдеттерине шайкеш келет.

**6. Диссертациянын мазмуну жана жазылышы боюнча кемчиликтер жана изденүүчүгө сунуштар**

Акматов Өмүрзак Сарытайовичтин диссертациялык иши ырасында эле маанилүү темага арналгандыгында шек жок, анткени ал кыргыз философиясында жаңыдан телчигип келе жаткан илимий тилкени изилдөөгө алган. Албетте, идеалдуу, кынтыксыз илимий эмгек дээрлик жокко эсе, себеби, кандай эмгек болбосун, ал мезгил мейкиндиктин бүктөмү менен шартталган. Мына ушуга байланыштуу, Ө. С. Акматовдун доктордук диссертациясындагы кээ бир кемчиликтерди байкаса болот. Алар төмөнкүлөр:

1. Философиялык антропологиянын маңызын талдоодо жаңы адамдын, жаңы коомдун пайда болушуна, калыптанышына, өсүшүнө чоң өбөлгө түзгөн капиталистик эмес өнүгүү теориясына автор тарабынан көңүл бурулган эмес.
2. Аң-сезимдин ажырагыс бөлүгү болгон, философиялык антропологиянын курамына кирген, жаратылыштуулукту жана маданияттуулукту, эмоционалдуулукту жана акылдуулукту, жекеликти жана коомдукту өзүнө камтыган «менталитет» түшүнүгүн талдоо диссертанттын көз жаздымында калган.
3. Тарыхта белгилүү болгондой, кыргыз калкы көчмөн эл болгондуктан, адамды адам кылып тарбиялоодогу кыргыздын каада-салты, нарк-насили, үй-бүлө чоң роль ойногон. Бирок диссертацияда булар жөнүндө бир да сөз жок.
4. Философиялык антропология алкагындагы гуманисттик парадигмалардын социожаратылыштык жана социомаданий табиятын талдоодо батыштык философторунун эмгектерине кеңири орун берилип, чыгыш жана кыргыз философторунун эмгектери жетишээрлик түрдө изилденбей калган.

**Корутунду**

**Жогоруда айтылган пикирлерге таянып, биз Акматов Өмүрзак Сарытайовичтин «Философиялык антропология алкагындагы гуманисттик парадигмалардын социожаратылыштык жана социомаданий табияты» деп аталган 09.00.11.-социалдык философия адистиги боюнча философия илимдеринин доктору окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясы КР УАК тарабынан аныкталган тиешелүү жоболорго толук жооп берет жана анын автору философия илимдеринин доктору окумуштуулук даражасын алууга татыктуу деген пнкирдебиз.**

**Расмий оппонент.**
**философия илимдеринин доктору,**
**профессор** **А. А. Айтбаев.**

город Бишкек, ул. Боконбаева, 14-29, тел.0555890598

qh86g

Седьмое июня две тысячи двадцать четвертого года

Я, **Анаркулова Эльвира Суйоркуловна,** частный нотариус **нотариального округа города Бишкек Кыргызской Республики,** действующий на основании лицензии № **541** выданной МЮ КР от **27.05.2011** года, свидетельствую подлинность подписи гражданина **Кыргызской Республики Айтбаева Абдимталипа, 04.03.1940** года рождения, ПИН **20403194000350,** которая сделана собственноручно в моем присутствии. Личность подписавшего документа установлена, дееспособность проверена.

Нотариус, свидетельствуя подлинность подписи, не удостоверяет фактов, изложенных в документе, а лишь подтверждает, что подпись сделана определенным лицом.

Зарегистрировано в реестре № **541-2024-0914234**

Взыскано: Государственной пошлины **50** сом

Услуги правового и технического характера **500** сом

Нотариус ________________

Прошнуровано и пронумеровано

На 5 (пять) листах

« 07 » июня 2024 года

ДОКУМЕНТ ПОДПИСАН ЭЛЕКТРОННОЙ ПОДПИСЬЮ

Дата: 07.06.2024, 10:48:06

ФИО: Анаркулова Эльвира Суйоркуловна

Hash: MIIBAYJKoZIhvcNAQcCoIIi5TCCCOEC